| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**<br>**БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН**<br>**БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**<br>**БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**БОО-ТЕРЕКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**9.02.2023-ж. №1.** **Боо-Терек айылы.**

**Боо-Терек айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы жерлердин жана Айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлерин аукцион аркылуу ижарага берүү боюнча тартиптерин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтомун жетекчиликке алып, Боо-Терек айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы жерлердин жана Айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлерин аукцион аркылуу ижарага берүү тартиби жана шарттары жөнүндө маалыматтарды угуп, талкуулап, Боо-Терек айылдык жергиликтүү өз алдынча башкаруу Кеңешинин XXXII чакырылышындагы депутаттардын XXII сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен жактырылган "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" типтүү жобонун негизинде, ижарага берилүүчү айыл чарба жерлеринин кыртышынын асылдуулугун жогорулатуу жана которуштуруп айдоо тартибин колго алуу максатында, ошондой эле белгиленген Жобонун шарттарын жетекчиликке алып, төмөнкү шарттарда, ижарага берүүдө келишимде көрсөтүлсүн:
   - Которуштуруп айдоо тартибин киргизүү максатында, аштык буудай данын өстүрүү милдети келишимде белгиленсин. Аштык буудай өстүрүү мөөнөтү 2 жылдан кем эмес болуусу шарт;
   - Жыл сайын ижарага алынган жердин топурагын агрохимиялык анализден өткөрүү, жер семирткичтерге болгон муктаждыкты аныктоо, айыл өкмөтүнүн жер адисине тапшыруу;
   - Айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы жерлеринде жана Айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлеринде бүгүнкү күнгө чейин бир гана төө буурчак өсүмдүктөрү өндүрүлүп, жер кыртышынын асылдуулугу төмөндөп кеткенин эске алып, келишимде ижарага алынган жерлерге органикалык жер семирткичтерди жыл сайын колдонуу (агрохимиялык анализдин жыйынтыгынын негизинде);
   - Аукцион аркылуу жерлерди иштетип, бирок ижара акысын буга чейин төлөбөгөн жарандарды аукционго катыштырбоо максатында, келишимге

карызы бар атуулдарга, акча каражаттарын толук төлөп бермейинче аукционго катышуу жөнүндөгү арызын кабыл алынбоосу. Тийиштүү шарттар торук өткөрүү жөнүндө билдирүүдө жарыялансын. Тоорук өткөрүү жөнүндөгү билдирүүдө, белгиленген шарттарды аткарбаган жарандардын арыздары четке кагылыш керек;

- Аукциондон утуп алып ижара акысын өз убагында төлөбөй келген, абийирсиз ижарачы менен айыл өкмөт ортосунда күрөө келишими түзүлүүсү милдеттендирилсин;
- Бир жылдык ижара төлөмдөрү, ар бир жылдын 1-ноябрына чейин төлөнүшү шарт;

Жогорудагы белгиленген шарттар аткарылбаса, айыл өкмөтүнүн жер адиси жана салык боюнча адиси, ошондой эле финансы-экономикалык бөлүмүнүн жетекчиси менен биргеликте иш алып барып, ижарачыга келишимдин шарттарын аткарбагандыгы жөнүндө эскертүүнү 2-ноябрдан кечиктирилбей берилиш керек экендиги эске алынсын.

Эскертүү берилген күндөн тартып 30-күндүн ичинде ижарачы тарабынан кемчиликтер жоюлбаса, анда айыл өкмөт башчысы тарабынан ар бир абийирсиз ижарачы менен келишимдер бир тараптуу бузулууга тийиш. Ушул белгиленген талаптарды тиешелүү айыл өкмөтүнүн кызматкерлери тарабынан өз убагында так аткарышпаса, айылдык Кеңеш тарабынан ишенбестик көрсөтүүгө алып келери белгиленсин.

2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Боо-Терек айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Жер, айыл чарба жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Мамыралиев**